исх №10
16. 11. 2017

Кочкор райондук билим берүү
бөлүмүнүн башчысы
У.Н.Өзүбековго
С.Исмаилов атындагы
орто мектебинен

Заявка

С.Исмаилов атындагы орто мектепте 10 компьютер бар, анын бешөө эскирип бузулуп иштебей турат. Оңдоого берсек оңолбой деп кайра беришкен. Беш компьютер гана иштейт, алар дагы эски мурдагы компьютерлер болгондуктан интерактивдүү доска, интернет менен байланышы начар болуп аларды иштете албай жатабыз. Сизден көптөн көп сураныччыбы, биздин мектепке 5 компьютер жана 2-класс үчүн парта стул жагынан жардам берсеңиз.

Мектеп директору: Э.Кадыркулов

Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн
башчысы У.Н.Өзүбековго
С.Исмаилов атындагы орто мектебинен
компьютер алуу боюнча

чех №15
23.04.2018

Заявка

С.Исмаилов атындагы орто мектебиндеги компьютердик класста азыркы күндө 12 даана компьютер бар. Алардын бардыгы ата-энелер жана демөөрчүлөр тарабынан алынган.
Алар эскирип бузулуп, азыркы күндө алтоо гана иштеп турат. Булардын дагы маркалары эски.
Ошондуктан, Сизден көптөн –көп өтүнүч компьютерлерди жаңыртып ,
10 даана компьютер берүүңүздү суранам.

Мектеп директору : Э.Кадыркулов

исх №16
03.05.2018

Кочкор айыл өкмөтүнүн башчысы
Р.Б.Абакировго
С.Исмаилов атындагы орто мектебинен

Заявка

Улуу Ата Мекендик согуштун 73-жылдыгына карата 9-майда согуштун катышуучуларына арналып тургузулган эстеликтин жанында эскерүү иш чаралары өткөрүлөт. Ушуга байланыштуу эстеликти оңдоо, түздөө, сырдоо үчүн төмөндөгү материалдарды берүүңүздү суранабыз

1. Кара лак 2 литр
2. Бронза сыр 2 пачка
3. Кызыл краска эмаль 1 банка
4. Ураан жазуу үчүн материал 10 метр

Мектеп директору: Э.Кадыркулов

**Кыргыз Республикасы**
**Нарын облусу Кочкор району**
**Большевик айылы**
**Кочкор райондук**
**билим берүү бөлүмү**

**«Сатаркул Исмаилов атындагы орто мектеби» мекемеси**

**Кыргызская Республика**
**Нарынская область**
**Кочкорский район село Большевик**
**Кочкорский районный**
**отдел образования**

**Учреждение**
**«Средняя школа имени Сатаркула Исмаилова»**

тел: ___________

e-mail: ___________

чигиш № 18

На № 19.11.2018-ж.

Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим министри

Урматтуу Кудайбердиева Гулмира Каримовна

Кочкор районундагы Сатаркул Исмаилов атындагы орто мектебинин имараты 1975-жылы 320 окуучуга ылайыкталган типтүү проекти менен курулуп пайдаланууга берилген. Спорт зал жана ашканасы бар. Курулгандан бери бир да жолу капиталдык ремонттон өтпөгөндүктөн мектептин жылуулук, электр системалары жараксыз абалга келип, азыркы мезгилде өтө оор акыбал түзүлүүдө. Жылуулук системасынын темир трубалары дат басып чиригендиктен, улам бир жеринен тешилип жыл сайын жамала берип оор абалга келген, кээ бир жерлерин сварка да кармабагандыктан резина жана башка суу акпагандай кылып ар нерсе менен таңууга туура келүүдө. Жарык берүүчү электр сисмтемасынын зымдары, проводдору эскирип чирип жараксыз абалга келген, замыкание болуп өрт чыгуу коркунучу курч абалда. Эшик терезелер эбак эле эскирип какжырап, ийрейип айнектерди кармай албай, канчалык бүтөгөнү менен кышында жылуулуктун баары сыртка чыгып кетүүдө. Чатырдын шиферлери сынып эскиргендиктен спорт зал менен ашканадан азыркы күндө жаандын суулары агып полдору, потолоктору чирип жараксыз абалга келүүдө. Имараттын ичи улам актала берип, акиташтын катмары эле бир нече саниметрди түзүп актаганга болбой калды. Полдордун тактайлары чиригендиктен залдардын, класс кабинеттердин полдору солкулдап айласыз абалга келүүдө.

Мектеп 2018-жылы капиталдык ремонтко кирип 20 миллиондук смета менен ремонт жасалмак, бирок 2 миллион сом гана акча каражаты бөлүнүп, ага негизги корпустун чатыры жаңыртылып ашкананын ичи гана оңдолду. Биздин Сизден көптөн көп өтүнүчүбүз мектептин имаратын толук капиталдык ремонттон өткөрүп берүүнү суранабыз.

Сизди терең урматтоо менен

Мектеп директору Э.Кадыркулов

Кочкор райондук билим берүү бөлүмүнүн
башчысы У.Н.Өзүбековго
С.Исмаилов атындагы орто мектебинен

иc ж № 19
29. 11. 2018

Заявка

С.Исмаилов атындагы орто мектебинде бүгүнкү күндө компьютерлер заман талабына ылайык окуучулардын билим алуусуна жооп бербейт. Компьютерлердин эскилиги жеткен, дисководдору жок, интернетке бир гана компьютер туташтырылган , анын да иштөөсү өтө жай.

Азыркы күндө эски компьютерден 3 гана компьютер аран иштейт. Мектепте 1 принтер гана бар. Интерактивдүү доска демөөрчүлөр тарабынан берилген, бирок аны иштетип , туташтырууга мүмкүн болгон компьютер жок.

Ошондуктан, Сизден С.Исмаилов атындагы орто мектебине окуучулар үчүн 10 компьютер, 5 ноутбук , түстүү принтер, проектор берүүнүздү сурайбыз.

Мектеп директору: Э.Кадыркулов

Кочкор айыл аймагынын
Кочкор айыл өкмөтүнүн
башчысы: Р.Абакировго
С.Исмаилов атындагы орто
мектептен

исх № 20
07.12. 2018-ж

# Заявка

2019-жылдын бюджетине С.Исмаилов атындагы орто мектептин жылуулук системасын оңдоо жана аны эксплуатциялоо үчүн 100 миң сом акча каражатын киргизип берүүнү суранабыз. Алар төмөндөгүлөр үчүн керек.

1. Суу насосу үчүн 30.000 сом. Азыр бир гана насос бар, мурдагылары керектен чыккан.
2. Печкадан чыккан чириген темир морду алмаштыруу 10,000 сом.
3. Крандар, вингилдер үчүн 15.000 сом.
4. Электр жабдуулары бузулган, керектен чыккан алмаштыруу 15.000 сом. ( пускатель.рубильник, электр щиттер).
5. Пожарный щит үчүн 30,000 сом. (жаңыртып жаңысын коюу керек).

Мектеп директору: Э.Кадыркулов

Кочкор райондук билим берүү

бөлүмүнүн башчысы

жол.У.Н.Өзүбековго

С.Исмаилов атындагы орто мектебинен

чех № 90

08.10.2018.

Өтүнүч заявка

С.Исмаилов атындагы орто мектепте азыркы күндө бир дагы компьютер жок. Болгон 10 компьютер эскирип жараксыз болуп калгандыктан, жараксыз деп чыгыштап (списание кылып) салганбыз. Окуучуларга ошол списание болгон компьютерлер менен эле сабак өтүп билим берип келүүдөбүз.

Сизден чоң өтүнүч мүмкүнчүлүгүңүздү карап көрүп компьютерден жардам берүүңүздү сурайбыз. Эски компьютерлер болгондуктан электондук почта иштебей, интернет жакшы тартпай жатат.

Мектеп директору: Э.Кадыркулов

Кочкор райондук билим берүү

бөлүмүнүн башчысынын

милдетин аткаруучу И.Бекишовго

С.Исмаилов атындагы орто мектебинен

исх № 42
28.09.2020

Өтүнүч заявка

С.Исмаилов атындагы орто мектепте азыркы күндө бир дагы компьютер жок. Болгону 10 компьютер эскирип жараксыз болуп калгандыктан, жараксыз деп чыгыштап (списание кылып) салганбыз. Списание кылынган акт түзүлгөн. Азыркы учурда окуучулар үчүн пайдаланууга компьютерлер жок.

Сизден чоң өтүнүч мүмкүнчүлүгүңүздү карап көрүп компьютерден жардам берүүңүздү сурайбыз. Компьютер жок болгондуктан электрондук почта, интернет менен иштөөдө кыйынчылыктар жаралууда

Мектеп директору: Э.Кадыркулов